**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**ӨКМӨТҮНӨ КАРАШТУУ**
**МАМЛЕКЕТТИК САЛЫК**
**КЫЗМАТЫ**

**ГОСУДАРСТВЕННАЯ**
**НАЛОГОВАЯ СЛУЖБА**
**ПРИ ПРАВИТЕЛЬСТВЕ**
**КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

**БУЙРУК**
**ПРИКАЗ**

_24.06.2014г._№ _136_ г.Бишкек ш.

**“Кыргызстандын мыкты салык төлөөчүсү” сертификаттары жана төш белгилери менен сыйлоо жөнүндө**

Экономиканын өнүгүшүнө олуттуу салым кошкондугу, бюджеттин киреше бөлүгүнүн калыптанышына жигердүү катышкандыгы жана салык мыйзамдарын ак ниети менен аткаргандыгы үчүн, **буйрук кылам:**

1. Тиркемеге ылайык 2013-жылдагы жана 2014-жылдын 5 айындагы жетишилген ишмердүүлүгүнүн натыйжалары боюнча мыкты салык төлөөчүлөр деп таанылсын жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик салык кызматынын “Кыргызстандын мыкты салык төлөөчүсү” сертификаты жана төш белгиси тапшырылсын.
2. Уюштуруу иштери жана контролдоо бөлүмү (Б.С.Каримова) сыйлана турган салык төлөөчүлөргө өз убагында чакыруу жиберсин жана алардын 2014-жылдын 1-июлундагы Салык кызматкерлеринин күнүнө арналган салтанаттуу иш-чарага катышууларын камсыз кылсын.
3. Сатып алуулар жана чарбалык камсыздоо сектору (А.Б.Дуйшеев) тиркемеге ылайык мыкты салык төлөөчүлөрдүн сертификаттарын жана төш белгилерин даярдасын.
4. Маалыматтык технологиялар башкармалыгы ушул буйрукту Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик салык кызматынын WEB-сайтына жайгаштырсын.
5. Ушул буйруктун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик салык кызматынын төрагасынын орун басары К.А.Кумашовго жүктөлсүн.

**Төрага** **З.Б.Осмонов**

**Киргизилди:**

Уюштуруу иштери жана
контролдоо бөлүмүнүн
начальниги Б.С.Каримова

**Макулдашылды:**

Төраганын орун басары К.А.Кумашов

Укуктук колдоо
бөлүмүнүн начальниги Карагул уулу Жакып

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө
караштуу Мамлекеттик салык кызматынын
“_24_” _июня___ 2014-жыл, №_136__
буйругуна тиркеме

**2013-жылдын жана 2014-жылдын 5 айындагы ишмердүүлүгүнүн натыйжалары боюнча мыкты салык төлөөчүлөрдүн тизмеси**

| № к/н | Салык төлөөчүнүн аталышы | Жетекчисинин аты-жөнү | Региондун аталышы |
|---|---|---|---|
| **Өндүрүш чөйрөсүнөн** | | | |
| 1. | «Кыргызгеофизика» Акционердик коому | Эргашев Захид Маматгазиевич | Түштүк аймактар аралык башкармалыгы (Ноокен району) |
| 2. | «Пэрити-Коал» ЖЧКсы | Примов Улан Бердибаевич | Түштүк аймактар аралык башкармалыгы (Алай району) |
| 3. | «Баткеннефтегаз» Ачык акционердик коому | Лю Веньин | Түштүк аймактар аралык башкармалыгы (Кадамжай району) |
| **Айыл чарба чөйрөсүнөн** | | | |
| 4. | «Заря» айыл-чарба үрөнчүлүк кооперативи | Черныш Иван Васильевич | Чыгыш аймактар аралык башкармалыгы (Ак-Суу району) |
| **Соода жана тейлөө чөйрөсүнөн** | | | |
| 5. | «НУР Телеком» ЖЧКсы | Корнеева Елена Валерьевна | МСКнын ири салык төлөөчүлөрдү контролдоо башкармалыгы |
| 6. | «Орэфлейм Косметикс» ЖЧКсы | Короедова Наталья Ивановна | Бишкек шаары (Биринчи Май району) |
| 7. | «Компания Ли Ши ЛТД» ЖЧКсы | Цзинь Вэй | Бишкек шаары (Октябрь району) |
| 8. | «Кочкорсуукурулуш» Жабык акционердик коому | Термечиков Сардар Бекболотович | Чыгыш аймактар аралык башкармалыгы (Кочкор району) |